**Протокол № 1**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү**

11.09.2018-жыл.

Катышкандар: 83 ата-эне

29 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. "Үй – бүлөлүк тарбиянын мааниси".
2. 2017-2018 – окуу жылында Шабдан Ата атындагы орто мектебинде иштелген иштин жыйынтыгы.
3. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүү боюнча көрсөтмөсү. (Бозумова И.)
4. Камкорчулар кеңешинин иштеген иштеринин жыйынтыгы. (Жунушалиев Э.)
5. Ар кандай маселелер.

Жыйналыштын жүрүшү:

Кеңешмени мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Карагулова А. ачты.

Жумушчу президиум шайланды.

1. Оторбаева Г.М. – мектептин директору.
2. Жунушалиев Э. – Камкорчулар кеңешинин жетекчиси.
3. Кадыралиева Ф. – Отличник окуучунун ата-энеси.
4. Касымова Г. - //-//-
5. Мустапаева Ж – Камкорчулар кеңешинин кассири.

Каралуучу 1-маселе боюнча мектеп директоруна сөз берилди:

"Үй – бүлөлүк тарбиянын мааниси" деген темада доклад окулду, (тиркелет).

Жарыш сөздөр:

Т...аев Токон ата – эне :

"Азыркы айтылгандай үй-бүлөдө тарбия болуш керек.".

"Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат" – деген макал туура. Үйдө бир туугандар ынтымактуу болсо, ата – эне туура жолго тарбияласа бала ыймандуу, тартиптүү болот.

Сатыбалдиев Т. – Токон байке туура айтат менин 7 балам бар бардыгын бири-бирин сыйлаганга жакшы окуганга аракет кылып тарбиялап жатам.

Биринчи үй-бүлөдө тартип болуш керек.

Тентимишева Г. – мугалим.

" Тартиптүү үй-бүлөнүн балдары тартиптүү болот сабакты дагы жакшы өздөштүрөт. Кээ бир үй-бүлөлөр бар баласы кандай окуп жатат, үйгө качан келет, кайда жүрөт көзөмөлдөбөйт. Ошондой балдар тентек, сабактан начар."

Зарлыкова Г. – ата-эне.

Чындыгында үйдө тынчтык болбосо атасы спирт ичимдик ичсе, тамеки тартса баласы деле ошондой болот. Үлгүлүү үй-бүлө болууга жаш үй-бүлөлөрдү чакырабыз. Менин беш балам тарбияланып жакшы окуп бүтүштү, үйлөнүштү эң жакшы, неберелерим окуп жатат, жакшы окушат.

Каралуучу 1-маселе боюнча кеңешме чечим кылат:

Чечим

1. Үй-бүлөдө балдарга туура тарбия берип, жакшы окуусуна шарт түзүп берүү жагы бардык ата-энелерге милдеттендирилсин.
2. Начар үй-бүлөлөргө коңшулары катары сын айтып, туура жолго салууга ата-энелерге жалпы коомчулукка милдеттендирилсин.

Каралуучу 2-маселе боюнча мектептин директору билдирүү жасады, (тиркелет).

Жарыш сөзгө чыккандар:

Кадыралиева Ф. – Мектепте иштеп балдарыбызга билим берип жаткан мугалимдер коллективине ыраазычылык билдиребиз. Бир жылда жакшы иштер аткарылыптыр.

Мустапаева Ж. – Быйыл жайы менен мугалимдер мектепте. Мектептин эшик терезеси оңдолуп жатты, мугалимдер тазалап, жыгачтарды, эшиктерди чыгарып тазалап жатышты. Рахмат сиздерге.

Султанова Манат – Мугалимдер жогорку билимдүү экен. Жаңы жаш мугалимдер менен толукталып жатыптыр. Тажрыйбалуу мугалимдер жаштарга үйрөтүңүздөр. Улуу мугалимдерге жетпейт сабак берүү боюнча. Ата-энелердин көпчүлүгү деле ушул мектептен билим алганбыз. Сиздердин иштеген ишиңерге ыраазыбыз.

Кармышева А. – Ата --энелер сиздерден жардам балдарды көбүрөөк тестке катыштырсаңар. Тест менен көп иштесе билим сапаты дагы көтөрүлөт эле.

Жогоруда айтылгандардын негизинде жыйналыш чечим кылат.

Чечим

1. Шабдан Ата атындагы орто мектебинде бир жылдын иштелген иштин жыйынтыгы канааттандырарлык деп бааланышын.
2. Балдардын билим сапатын көтөрүү үчүн мугалимдер жана ата-энелер бирге байланышып иштеп, тест менен иштөө жана тестке катыштыруу милдеттендирилсин.

Каралуучу 3-маселе боюнча мектептин китепканачысы Бозумова И. сөз берилди:

Угулду: "Урматтуу ата-энелер китептер таратылды. 80% китеп менен камсыз болду. Быйыл 5-6-класстардын жаңы китептери ижарага берилет, ижара акысы 25 сомдон. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүү боюнча көрсөтмө менен тааныштырды ... "

Суроо болсо?

Сагыбалдиев Ы. – ата-эне:

"Эски китептер менен окуй берсе болбойбу?

Ноябрдын аягына чейин жаңы китептер келип калабы?"

Азырынча үч китеп жаңы келди, үч китепке төлөй бергиле.

Сиздерден сураныч китептеди сырттап жакшы колдонушуна көзөмөл болсоңуздар.

Чечим:

1. Жылдын аягына чейин китепканадан алган китептерди таза сактап колдонуусуна ата-эненин көзөмөл кылуусу милдеттендирилсин.
2. Ижарага бериле турган китептердин учетун туура жүргүзүп иш жүргүзүүсү класс жетекчилерге, китепканачыга жүктөлсүн.

Каралуучу 4-маселе боюнча Камкорчулар кеңешинин торагасы Жунушалиев Ө. сөз берилди:

"Жылдын башында 404 окуучу. Мүчөлүк акыдан 28 окуучу бошотулган.

358 окуучу мүчөлүк акыны төлөдү.

Жол киреге – 13660 сом.

Окуу китептерине – 45695 сом.

Насос – 7500 сом.

Класстык журнал – 7995 сом.

Дене тарбияга топ – 4500 сом.

Балагы майрамы – 10310 сом.

Чарба буюмдарына – 19360 сом.

Картридж – 2000 сом.

Бийчилерге кийим – 5000 сом.

Банка чыгым – 9230 сом.

Интернет модем – 1600 сом.

Спорт кийими – 9985 сом.

Бардык чыгым – 157730 сом.

Банкта – 36000 сом калды.

Мүчөлүк акы төлөбөй – 7250 сом."

Сунуш:

Кулова Калиман – 3-4-класстарга жетишпеген китептерин алып берсеңер.

Жунушалиев Э. – 1-класска пропись дептерин ата-энелер өзүңөр алып бергиле. Себеби, ал дептерлер балдардын өзүнө калат.

Мүчөлүк акы бербеген ата-энелердин фамилиясын Мустапаева Ж. ата-энелердин сунушу менен окуп берди.

Касымова Гульнур – ата-эне:

Камкорчулар кеңешинин иштеген ишине директору дагы иштеген иштерин баалап ыраазычылык билдирди.

Чечим кабыл алды:

1. Камкорчулар кеңешинин бир жылдык иши канааттандыраарлык деп бааланcын.
2. Жетишпеген китептерди алып келүү камкорчулар кеңешине жүктөлсүн.

Ар кандай маселелер:

Мустапаева Ж. – Ысык тамакка 5 сом берүү.

Карагулова А. – Урматтуу ата-энелер балдарыңарга 2000. 3000 ге кийим сатып бердиңер бирок 100 сомдук галстук алып бербептирсиздер. Форма кийилсин. Мектепке сотка (уюлдук телефон) алып келишпесин. Айыл чарба жумушу деп балдарыңарды окууга жибербей койбогула. Эртең менен зарядкага кечикпей келүүсүн камсыз кылыңыздар. Мүчөлүк акыдан башка мектепте акча чогултуу деген жок. Балдарыңар шылтоолоп үйдөн акча албасын.

Жарыш сөз:

Жарашбаева Э. – ата –энелердин атынан:

"Карагулова А. жаңы тарбия завуч болуп иштеп жатыптыр ишине ийгилик каалайбыз! Тартипти катуу эле карма сотканы мектепке колдонбосун. Жогорку билдирүүлөрдүн негизинде жыйналыш чечим кылат.

Чечим:

1. Мектепке форма кийип келүүнү жана сотка алып келбөө жагын көзөмөлдөө ата-энеге жүктөлсүн.
2. Айыл чарба жумушуна балдарын арыз жазуу менен сурап алуу ата-энеге милдеттендирилсин.
3. Мүчөлүк акыдан сырткары мыйзамсыз акча чогултуу болбосун.

Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлсүн

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**

**Катчы: М.Д.Жунушова**

**Протокол № 2**

**Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү**

20.05.2019-жыл.

Катышкандар: 43 ата-эне

28 мугалим.

Каралуучу маселе:

1. 9,11-класстарды мамлекеттик экзаменге киргизүү жөнүндө.
2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүдө ата-эненин жана мугалимдердин милдеттери жөнүндө.

Жыйналыштын жүрүшү:

Жыйналышты мектептин директору ачып, төмөнкүлөрдү билдирди:

“9-классты 29 окуучу, 11-классты 25 окуучу аяктап жатат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин № 304/1 2019-жыл 22-март Буйругу менен тааныштырды, (тиркелет).”

Абдраимова Т. – 11-а класстын класс жетекчиси:

11-а класста 10 окуучу 1 отличник 3 ударник баардыгы экзаменге киргизилет.

Тентимишева Г. – 11-а класста орус тилден сабак берем Аман, Бактияр начар экзаменди кантип берет. Үйдөн эрте тургузуп экзаменге жибериңиздер.

Бозумов С. – 11-а класстын сабакка катышуусу начар болду, кечигет. Мойноков жакшы аракети бар бирок, үйдө көзөмөл жок. Сатарова өзүнөн келет, кечигет.

Ата – энелер жоопкерчиликтин сезүү керек

Оторбаева Г. – Жазуу экзамендер быйыл башкача болуп жатат.

Комплекстүү – эссе, тест, жат жазуу.

Ата – энелер үйдөн көзөмөл кылсаңар. Быйылкы бүтүрүүчүлөр начар жылдагыга караганда.

Кармышева А. – 11-б класстын класс жетекчиси:

11-б класста 15 окуучу 1 отличник 6 ударник калганы орто.

Сулайманова Г. – 11-б класстын сабакка катышуусу эң начар. Кечигишет. ОРТ тапшырып келгенден кийин, “Баары бир бүтөбүз” деген ойдо болуп калышты. Ошондуктан 1,2 окуучуну киргизбей койсок кандай болот?

Кадыралиева Ф. ата-эне – Азыр ошондой барбы? Мурда союз убагында бар эле. Азыр кандай? 11-жыл окушту бүтүп кетишсин.

Тентимишева Г. – Чындыгында 11-б класстай көргөн эмесмин. Жыл бою 11 сочинение жаздык, ошону жазбаган окуучулар бар: Токтобол уулу. Куменов, Узакжанов. Буларды калтырыш керек.

Оторбаева Г. – Пед.кеңешмеде чечим экзаменге киргизбесе киргизбей эле коелу. Үйдөн ата-эне тарабынан көзөмөлдөгөн балдар жакшы окушат, тартиптүү болушат.

Узакжановдун энеси – Көзөмөлдөйм. Эптеп аттестат алып алышсын, суранам

Унутбеков Темир ата-эне – Ушундай балдарга чыдап окутуп жаткан мугалимдерге рахмат. Калтырып койгондо болбойт го. Ата-энелер жардам берели. Жогору жакка барганда акча менен бүтөт, деп жаман болуп жатпайбы. Акча менен окууга өтөт. Акча менен окуу жайын бүтөт. Ошол жаман болуп жатпайбы!

9-а класс Кенжегулова Г. – 16 окуучу 6 ударник отличник жок.

Тентимишева Г. – Комплекстүү тест, суроо, диктант, текстти окуп жооп берет. 1,5 сааттын ичинде бүтүш керек. 9-а класста дагы начар окуучулар бар. Улук, Аскар, Ардак 10-классты өздөштүрө албайт болуш керек.

Г Орозбаевна – Информатикадан деле жогорудагы 3 бала начар. Көп сабакты калтырышат. Ошондуктан сабактан начар.

9-б класс 13 окуучу отличник жок 4 ударник.

Класс активдүү. Сабакты калтырган окуучулар бар Гоманов Данил, Выхрист Альбина, Картанбаев Салымбек.

Сулайманова Г. – Гоманов Д. эң начар. 9-классты бүтсө 10-классты окубай эле коюш керек.

Ырсалиева М. – Начар окуучулар көп. Үйдөн көзөмөл жок. Түнкүсүн балдарыңар көп жүрөт. Көңүктүрүү экзаменди Гоманов, Кырманчиев "2" деген баага жазышты.

Оторбаева Г. – 9-класстардын жакшы өздөштүргөндөрү 10-класста окуйт. 9-класста окуй албаган бала 10-классты деле окуй албайт. Үйдө көз салыңыздар. Балдарыңардын кандай экенин класс жетекчилер, мугалимдер айтышты.

Улуттук тесттен "4", "5" алган окуучулар оозеки экзаменден (география, тарых) бошотулат.

Балдарыңарды анча-мынча акчаны аябай тестке катыштыруу керек.

Жогоруда айтылгандардын негизинде жыйналыш чечим кылат.

Чечим:

1. 9-класстан 29, 11-класстан 25 окуучуну жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизүүнү сунуштайбыз.
2. ЖМА мезгилинде окуучуларга көзөмөл кылуу (экзаменден кечиктирбей, техникалык коопсуздугун сактоо) ата-энелерге жүктөлсүн.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлсүн.

Каралуучу экинчи маселе боюнча мектеп директору төмөнкүлөрдү билдирди:

"ЖМА – өткөрүү графиги менен тааныштырды. Акыркы коңгуроо, бүтүрүү кечесин өткөрүүгө мыйзамсыз акча чогултулбасын."

"Новопавловка айылындагы окуяны айтып берди."

Өз убагы менен консультацияга катыштыруу, экзаменден кечикпей келүү жөнүндө айтылды.

Жарыш сөздөр:

Бейшенбаев А. – Акыркы коңгуроодон кийин балдарыңарга машина берип коесуздар. Азыр мыйзам башка машинаңарды токтотуп туруп ата-энеге штраф төлөтөт.

Султанов Б. – ата-эне: "Балдарыбызга машина бербейбиз. Эч кандай кече уюштурулбайт. Ошондой эле акча чогултуу болгон жок."

Оторбаева Г. – 25-майда рейд жүрөт. Балдарыңарга көз салып караңыздар.

Акыркы коңгуроо 25-майда 9-00 да башталат. Ата – энелер балдарыңар менен бирге катышыңыздар.

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюшкандыкта өткөрүү жагы ата-энелерге, предметник мугалимдерге, мектеп администрациясына жүктөлсүн.
2. Акыркы коңгуроо жана бүтүрүү кечелерине мыйзамсыз акча чогултууга тыюу салынсын.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жана ата-энелер комитетине жүктөлсүн.

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**

**Катчы: М.Г.Жунушова**